Шапак Рысмендеев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинде 2022-2023-окуу жылындагы мектеп компонентинин

# Отчету

2022-2023-окуу жылында мектеп компоненти 5-класска берилди. 5-а, 5-б класстарда 54 окуучу бар. Педагогикалык кеңештин токтомунун негизинде 5-класстарга мамлекеттик компоненттен берилген 4 саат математика сабагына кошумча жана 1 саат математика сабагы мектеп компонентинен берилди. Мектеп компонентинен берилген сабакка математика мугалими Зейнура Токтоматова бир жылдык план түзүп, ушул пландын негизинде иш алып барды. Өткөн окуу жылында окуучуларыбыз АКМОО олимпиадасына катышып, 3 окуучу облустук турга катышып келишти. Ушул эле токтомдун негизинде 8-класска мамлекет тарабынан химия сабагына берилген берилген 2 саатка кошумча 1 саат химия сабагы мектеп компонентинен берилди. 2018-2019,2019-2020, 2021-2022-окуу жылдарында химия сабагынын мугалими Нурила Турганбаева көптөгөн ийгиликтерди жаратты. Райондук, облустук, республикалык олимпиадаларда байгелүү орундарды ээлеп келишти. Нурила Турганбаеванын даярдаган окуучулары химия сабагы боюнча ЖРТдан жогорку упай алышып жогорку окуу жайлардын бюджеттик орундарына өтүп келишет. Мындан сырткары ушул эле токтомдун негизинде 10-класска мектеп компонентинен 1 саат математика сабагы кошумча берилди. Компоненттен берилген сааттар өз натыйжасын берип келүүдө. Окуучулардын химия жана математика сабагына болгон кызыгуулары артты.

| Сабактардын аталышы | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жылдык |
|---|---|---|---|---|---|
| Математика | 35,5 % | 44,85% | 52,6% | 56,5% | 59,6% |
| Химия | 32% | 36,8% | 44,7 % | 51,7% | 56,5% |

Мектеп директору: Бообек уулу Болот

Сканировано с CamScanner